**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
НУРЖАНОВ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫ
НУРЖАНОВ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
НУРЖАНОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК
НУРЖАНОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ

# Т О К Т О М
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2022ж 26-октябрь № 48 **Жон-Арык айылы**

**Нуржанов айылдык кеңешинин 2021-жылдын 6-майындагы №13 токтомунун 2-бөлүмүн жокко чыгаруу жөнүндө**

Нуржанов айылдык кеңешинин депутаттарынын 8-чакырылышынын кезексиз 17-сессиясы Нуржанов айылдык кеңешинин 2021-жылдын 6-майындагы №13токтомунун 2-бөлүмүн жокко чыгаруу жөнүндө

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Талас райондук прокуратурасынын 2022-жылдын 18-октябрындагы №11/1-22 сандуу каршылык билдирмесине жана Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо министрлигинин 2021-жылдын 25-мартындагы "Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н.Жапаровдун Өзбек Республикасына болгон иш сапарындагы гуманитардык жардам катары берилген тез жардам автоунааларды өткөрүп берүү жөнүндөгү" №14 буйругуна ылайык Нуржанов айылдык кеңешинин 2021-жылдын 6-майындагы №13токтомунун 2-бөлүмү жокко чыгарылсын.
2. Тез жардам авто унаасы Талас райондук ҮМБна өткөрүлүп берилсин.
3. Нуржанов айылдык аймагынын калкынын саны 6000ге чукулдап, кошумча айыл кошулуп жаткандыгына байланыштуу Талас облусунун үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунан тез жардам авто унаасын айдоочунун штаттык бирдиги менен Жон-Арык айылындагы №3үй бүлөлүк дарыгерлер тобуна бекитип берүү жагы суралсын.
4. Токтомдун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Жайнаковго милдеттендирилсин.

**Төрайымдын орун басары** **Т.Кадыркулов**

Талас облусунун Талас районунун "Нуржанов айылдык аймактык кеңеши" мекемеси
Талас областы Таласского района "Нуржановский айылный аймакский кенеш"
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ИНН 01911200910100